# МААЛЫМАТ

03-041-2021-001263 сотко чейинки өндүрүш иши боюнча

Ош шаардык ИИБна 2021-жылдын 03-июль күнү, Ош шаарынын 1-Культурная көчөсүнүн [redacted] арызы менен кайрылып, ал арызында 2021-жылдын 1-июль күнү, саат 19.00 чамасында, аны үйүнөн [redacted] аттуу атуул шериги менен чакырып, Ош шаардык кенешине депутаттарды шайлоодо "Биздин Кыргызстан" саясий партиясына добуш берип койгула деп 2 000 (эки мин) сом накталай акча каражатын таштап кеткени тууралуу билдирген.

[redacted] арызы 2021-жылдын 03-июль күнү саат 18.14 мүн. Ош ШИИБдин маалыматтарды эсепке алуу журналына 02-041-2021-001683 саны менен катталып, бул факты боюнча тергөө аракеттерин жүргүзүү зарыл болгондуктан, ушул эле күнү саат 18.18 мүн. Ош ШИИБдин КЖБРне Кыргыз Республикасынын Жазык коедксинин 192-бер. 1-б. каралганк ылмыштын курамы боюнча 03-041-2021-001263 сандуу катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

Аталган факты боюнча арыз ээси [redacted] суралып, ал 2021-жылдын 01-июль күнү, саат 19.00 чамасында аны үйүнөн эки бейтааныш балдар чакырышып, алардын бириси өзүнүн аты-жөнүн "[redacted] боломун, Ош шаардык кенешине "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынан депутаттыкка талапкермин деп тааныштырып, анын паспортундагы жазууларды жазып, кийин шайлоо күнү биздин партияны шайлап коюнуз деп айтып, ага 2 000 сом накталай акча каражатын берип кеткенин, анын эртеси күнү ал эки кошунасынан сураса, [redacted] аларга дагы келгенин, бирок эч кандай акча бербегенин айтышканын, ошол себептен ал [redacted] телефон чалып сүйлөшүп, ага акчасын кайтарып берип койгондугу тууралуу көрсөткөн.

Тергөөнүн жүрүшүндө, арыз ээси [redacted] арызында көрсөткөн [redacted] өздүгү аныкталып, аны болгон жагдай тууралуу суракка алган учурда, ал өз көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 1-июль күнү саат 19:40дар чамасында [redacted] менен чогуу Ош шаарынын 1-Културная кочосундо жашаган адамдардын уйлоруно кирип "Биздин Кыргызстан" саясий партиясын шайлап койгула деп үгүттөө иштерин жүргүзүп жүргөндүгүн, ошол көчөдөгү [redacted] менен сүйлөшүп "Биздин-Кыргызстан партиясына үгүттөөчү болуп иштеп бериниз, мен башкаларга окшоп көп акча бере албаймын, бирок 2000 сом акча гана беремин, көчөнүздө жашаган адамдарга үгүттөө иштерин жүргүзүп бересиз"-деп суранса, ал макул болгондо Биздин-Кыргызстан партиясына үгүттөө иштерин жүргүзүү боюнча келишим түзүп, 2000 сом акчаны бергендигин көрсөткөн.

Ошондуктан эки тараптын ортосундагы карама-каршылыктарды жоюу үчүн бул эки тараптын ортосунда беттештирүү жүргүзүлүп, [redacted] арыз ээси [redacted] "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынын агитатору экенин, бул тууралуу 22.06.2021-жылы анын өзү менен түзүлгөн 22 сандуу келишими бар экенин, ал эки мин сом акчаны анын айлык акысы катары бергени аныкталган.

Ошондой эле “Биздин Кыргызстан” саясий партиясы тарабынан [redacted] экөөнүн ортосунда 22.06.2021-жылы түзүлгөн 22 сандуу келишиминин түп нускасы камсыз кылынып, ал келишим алуу жүргүзүлгөн.

Андан сырткары, 2021-жылдын 02-июль күнү [redacted] арыз ээси [redacted] үйүнүн алдында жолугуп сүйлөшкөн учуру чагылдырылган видеотасма интернет булактары аркылуу таркап, ал видеотасманы [redacted] жашы жетпеген уулу [redacted] өзүнүн уюлдук телефонунун камерасы тартканы белгилүү болуп, бул видеотасмага дагы алуу жүргүзүлдү.

Тергөө убагында, [redacted] жанында болгон атуулдун оздүгү [redacted] болуп тастыкталып, ал өзүнүн көрсөтмөсүндө “Биздин Кыргызстан” саясий партиясынан Ош шаардык кеңешине депутаттыкка талапкер [redacted] менен чогуу үгүттөө иштерине катышып жүргөндүгүн, Ош шаарынын 1-культурная көчөсүнүн [redacted]-үйүнө чогуу кирип үгүттө иштерин жүргүзүп, ошол үйдө жашаган [redacted] менен келишим түзүп үгүттөө иштерин жүргүзүүгө макул болуп, айлык акысы катары [redacted] ага 2000 сом акча каражатын бергендигин көрсөткөн.

Азыркы учурда, бул фактыга байланыштуу тийиштүү тергөө аракеттери жүргүзүлүп жатканын, анын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын ЖПКнин негизинде чечим кабыл алынып, жыйынтыгы тууралуу кошумча маалымат беребиз.

**КР ИИМдин Тергөө кызматы**